ЖМКлар үстүнөн даттанууларды
кароо комиссиясы

Комиссия по рассмотрению
жалоб на СМИ

**ЖМКлар үстүнөн даттанууларды кароо комиссиясы**

**Роза Аманованын арызы боюнча чечим**

ЖМКлар үстүнөн даттанууларды кароо комиссиясы:
Төрагасы Ш.Ю.Майчиев,
катчысы Н.А.Абдыкеримова,
мүчөлөрү: М.Айтиева, А.Амбарян, Ж.Акунова, Т.Валиева, Э.Жапарова, К.Мамбеталиев, Д.Маслова, Л.Саралаева, М.Тыналиев, Н.Шаршебиев, С.Эралиев катышкан курамда Комиссиянын отурумунда Роза Аманованын "Учур" гезитинин 2013-жылдын 2-июлундагы номерине жарыяланган материалдын кесипкөй этикалык нормаларга жана КРнын Журналистинин этикалык кодексине ылайыктуулугу жөнүндө даттануусун карады жана төмөнкүлөрдү

**АНЫКТАДЫ:**

2013-жылдын 19-сентябрында ЖМКлар үстүнөн даттанууларды кароо комиссиясына Роза Амановадан "Учур" гезитинин 2013-жылдын 2-июлундагы №74 (239) санына жарыяланган белгисиз автордун "Жумалиев карыганда жубайы Роза Аманова таштап кеттиби?" аттуу макаласына даттануу келип түшкөн. Даттанууда макалада "Артистти катыным дебе" деген шылдың, каймана маанидеги сөздөр колдонулуп, макала аргументсиз, фактысыз жазылганы Р.Аманованын үй-бүлөсүнүн жана анын жеке беделине шек келтиргендиги айтылат. Өзгөчө мектепте жана жогорку окуу жайында окуп жатышкан балдары ыза болушкандыгы, Р.Аманованын өзүнө моралдык зыян келтирилгендиги, жубайы К.Жумалиевдин ден соолугуна залака келтирилгендиги көрсөтүлгөн. Ушундан улам, комиссиядан "Учур" гезитинин редакторун журналистиканын этикасына ылайык иштөөгө чакырууну өтүнөт.

Комиссия тарабынан анын отурумуна бир нече жолку чакырууларга карабастан, "Учур" гезитинен өкүлдөр келишкен жок. Ошондуктан арыз алардын катышуусуз жана Роза Аманованын катышуусу менен каралды.

"Учур" гезитинин 2013-жылдын 2-июлундагы №74 (239) санына жарыяланган белгисиз автордун "Жумалиев карыганда жубайы Роза Аманова таштап кеттиби?" аттуу макаласын карап, арыз ээсин угуп жана материалды иликтеп жана талкуулап көрүү менен Комиссия төмөнкүдөй пикирге келди:

"Учур" гезитинин 2013-жылдын 2-июлундагы №74 (239) санына жарыяланган белгисиз автордун "Жумалиев карыганда жубайы Роза Аманова таштап кеттиби?" аттуу макаласында белгисиз автор КРнын Журналистинин этикалык кодексинин 8-беренесин, 10-беренесин жана 17-беренесин бузууга жол берген деп эсептейт.

Анткени, Кодекстин 8-беренесине ылайык, "Журналист кандай гана жагдайда болбосун, билип туруп жалган маалымат жарыялабашы керек. Эгер таратылган маалымат чындыкка коошпой турганы

билинсе, журналист бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен оўдоого милдеттүү”. Бирок, “Учур” гезитинин редакторуна аталган материалдагы маалымат жалган экендиги жєнїндє Роза Аманова өзү кайрылып билдирсе да, төгүндөө беришкен эмес.

Кодекстин 10-беренесинде: “Фактылар, божомолдор жана пикирлер бири-биринен даана ажыратылуусу зарыл” деп жазылган. Гезит бул талапты аткарбастан, божомолдорду жана пикирлерди фактылар катарында берген.

17-беренеге ылайык, “Каршылаш тараптардын, анын ичинде журналисттин сынына кабылган адамдардын пикирлеринин теў салмакта берилиши шарт”. Кодекстин бул жобосу да аткарылган эмес. Экинчи тараптын – материалда сєз болуп жаткан тараптын пикирлерин угууга аракет болгон эмес.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, КРнын Журналистинин этикалык кодексин, ошондой эле ЖМКлар үстүнөн даттанууларды кароо комиссиясы жөнүндө жобону (V бөлүктүн 2-беренесинин 1-пункту) жетекчиликке алуу менен, Комиссия

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. “Учур” гезити 2013-жылдын 2-июлундагы №74 (239) санына жарыяланган “Жумалиев карыганда жубайы Роза Аманова таштап кеттиби?” аттуу макаласында белгисиз автор КРнын Журналистинин этикалык кодексинин 8-беренесин, 10-беренесин жана 17-беренесин бузган деп эсептейт;
2. ЖМКлар үстүнөн даттанууларды кароо комиссиясы жөнүндө жобонун V бөлүгүнүн 2-беренесинин 1-пунктунун негизинде Комиссия “Учур” гезитине эскертүү берет;
3. Комиссиянын бул чечими арызданууучу Р.Амановага жана “Учур” гезитине жөнөтүлсүн;
4. ЖМКлар үстүнөн даттанууларды кароо комиссиясынын бул чечими студенттер тарабынан “Журналисттин кесиптик этикасы” курсунун алкактарында окулушу үчүн КРнын жогорку окуу жайларынын бардык журналистика факультеттерине жєнєтїлсїн.

Комиссиянын төрагасы
Майчиев Шамарал Юсупович ________________________

Комиссиянын катчысы
Абдыкеримова Нургүл Абдыжапаровна ____________________

Комиссиянын мүчөлөрү:

Айтиева М.,
Амбарян А.,
Акунова Ж.,
Валиева Т.,
Джапарова Э.,
Мамбеталиев К.,
Маслова Д.,
Саралаева Л.,
Тыналиев М.,
Шаршембиева Н.,
Эралиев С.